DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2020

*Калбаев Б.А.*

# ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТИН СУРАГЫНА ТААСИРИН ТИЙГИЗГЕН НЕГИЗГИ ПСИХОЛОГИЯЛЫК ФАКТОРЛОР

*Калбаев Б.А.*

# ОСНОВНЫЕ ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ФАКТОРЫ ВЛИЯЮЩИЕ НА ДОПРОС НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНЕГО

*B.A. Kalbaev*

# THE MAIN PSYCHOLOGICAL FACTORS AFFECTING ON THE INTERROGATION OF A MINOR

*УДК: 943.915/144*

*Макала жашы жете электин сурагына таасирин тийгизген негизги психологиялык факторлорду карап чыгууга багытталган. Автор тарабынан жашы жете элек адамды кылдаттык менен изилдеп жана инсандын жаш курак өзгөчөлүктөрүнүн кесиптик жана психологиялык педагогикалык маалыматтарын билүү зарыл экендигине басым жасалат, себеби бул маалыматтарды билүү менен бирге жашы жете электин сурагын туура өткөзүү жана башка тергөө амалдарын жүргүзүү мүмкүнчүлүгү болот. Макалада жашы жете электи сурака алып жатканда ага карата психологиялык жана эмоционалдык таасирлердин аспектилери каралган. Дал ушул контекстте жашы жете электин сурагын жүргүзгөн укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин психикалык зомбулук жана укукка ылайык психологиялык таасирин жана ортосундагы чекти аныктоо маанилүү экендиги белгиленет. Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде, автор жашы жете электин психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүн, алардын психикасынын туруштугу жок экенин, ачуусу бат келип, тигил же бул жагдайларга эмоционалдуу таасирлерин белгилеп чыналуу кырдаалды негиздүү болууга тийиш деген жыйынтык жасайт.*

***Негизги сөздөр:*** *жашы жете элек, факторлор, суракка алуу, психология, өзгөчөлүктөр, тергөө аракеттери, жүрүм-туруму, жаш курак.*

*Статья посвящена основным психологическим факторам, влияющим на допрос несовершеннолетнего. Автором аргументируется, что для должного проведения допроса несовершеннолетнего, необходимо детальное изучение лица, а также наличие профессиональных и психолого-педагогических знаний возрастных особенностей личности допрашиваемого лица, так как такие знания помогут прогнозировать поведение допрашиваемого и планировать дальнейшее проведение следственных действий. В статье рассматриваются аспекты психологического и эмоционального воздействия на допрашиваемого несовершеннолетнего лица. И именно в этом контексте важно определение границы между психическим насилием и правомерным психологическим воздействием сотрудников правоохранительных органов, проводящих допрос по отношению к несовершеннолетнему лицу. На основе проведенного анализа, автором делается вывод, что в силу психофизиологических особенностей психика несовершеннолетнего не уравновешена, вспыльчива, эмоционально реагируют на те или иные обстоятельства, и потому создание напряженной обстановки должно быть обоснованным, а также должно иметь определенные границы.*

***Ключевые слова:*** *несовершеннолетний, факторы, допрос, психология, особенности, следственные действия, поведение, возраст.*

*The article is devoted to the main psychological factors affecting the interrogation of a minor. The author argues that in order to properly conduct the interrogation of a minor, a detailed study of the person is necessary, as well as the presence of professional, psychological and pedagogical knowledge of the age characteristics of the personality of the interrogated person, since such knowledge will help to predict the behavior of the interrogated and plan further investigation. The article considers aspects of the psychological and emotional impact on the interrogated minor. And it is in this context that it is important to determine the boundary between mental violence and the legitimate psychological impact of law enforcement officials conducting interrogations against a minor. Based on the analysis, the author concludes that due to the psychophysiological characteristics, the psyche of the minor is not balanced, quick-tempered, emotionally react to certain circumstances, and therefore the creation of a tense atmosphere should be justified, and should also have certain boundaries*

***Key words:*** *minor, factors, interrogation, psychology, features, investigative actions, behavior, age.*

Тергөөчүнүн адамдардын ушул категориясынын катышуусу менен болгон процессуалдык аракеттеринин өндүрүшүнө кесиптик даярдыгынын сапаты түзгөн маанилүү факторлордон анын өндүрүш моментинде орун алган тергөө абалынан алдан ала тергөө процессинде жашы жетелектин инсандыгы тууралуу өзгөчөлүктөрүн колдонуу тактикасынын негизги багыттарынан көз карандылыгы тууралуу аныктама эч кимде шек жаратпайт.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Жашы жете элек адамды кылдаттык менен изилдөө жана инсандын жаш курак өзгөчөлүктөрүнүн кесиптик жана психологиялык педагогикалык маалыматтарын билүү гана тергөө амалдарын жүргүзүүдө анын мүмкүн болгон аракеттерин жана ээлеген көз караштарынын багытын божомолдоого негиз түзөт [1, 43-53-бб.]. А.В. Дулов белгилегендей, алдын ала тергөөдө божомолдоо *үч негизги багыттар* боюнча аткарылат. *Биринчиси* – бул тергөөчүнүн өзүнүн жеке аракеттерин божомолдоо. *Экинчиси* – тергөөчү алгач божомолдоосу милдеттүү, андан соң тергөө процессинин башка катышуучуларынын аракеттерин уюштуруп, багыттайт. *Үчүнчү* божомолдоонун багыты – алдын ала байкоо, тергөөчүнүн шектүүнүн, айыпталуучунун ишмердүүлүгүн туруктуу изилдөө [2, 168-б.].

Тергөө жүргүзгөн адам өспүрүмдүн мүмкүн болгон аракеттеринин моделин оюнду куруп, анын типтүү мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрү тууралуу маалыматтарга, жана ошондой эле конкреттүү жашы жете элек тууралуу маалыматка ээ болуп, анын аракеттерине тигил же бул таасирдөөнүн тактикалык приемдорунун таасирин аныктоосу жана божомолдоосу абзел [1, 43-53-бб.].

Тергөө аракеттеринин өндүрүшүнө даярдык көрүүдө рефлексивдик ойлонуунун колдонулуусунун максатка ылайыктуулугу тууралуу түрдүү авторлор тарабынан көрсөтүлөт. Ю.М. Антонян, М.И. Еникеев жана В.Е. Эминовдун көз караштарына ылайык айыпталуучунун, шектелүүчүнүн же күбөнүн каршылык көрсөтүүчү ойлоруна кирүү, алардын каршылык көрсөтүүсүн жоюучу чараларды аныктоо – бул тергөөчүнүн негизги маселелеринин бири болуп саналат [3].

И.А. Макаренконун мындай айтылган көз карашы эч кандай талаш маселе жаратпайт: «тергөөчүнүн кесиптик даярдыгы катары анын жазык-укуктук жана жазык-процесстик чөйрөлөрдөгү зарыл болгон билимдердин гана эмес, ошондой эле тергөөнүн жаңы методдору, тергөө амалдарынын жүргүзүлүүсүнүн жаңы илимий-техникалык жана тактикалык приемдору, жана ошондой эле жашы жете электердин психологиялык өзгөчөлүктөрү тууралуу билимдерди билүүнү түшүнүү зарыл» [4, 271-б.].

Жашы жете элек адамдын типтүү инсандык белгилери тууралуу маалыматты, жана ошондой эле тергөөчүнүн конкреттүү жашы жете элек тууралуу чогулткан маалыматын тергөө аракеттерин жүргүзүүгө даярданууда жана аны жүргүзүүдө, натыйжалуу тактикалык приемдорун тандоодо жана аныктоодо колдонуу зарыл.

Тергөө аракеттеринин жыйынтыктарынын натыйжалуулугу бир катар факторлордон көз каранды жана алардын ичинен маанилүүлөрүнүн бирин жашы жетелек менен тергөөчүнүн ортосундагы психологиялык контактысын аныктоо түзөт [5, 122-126-бб.].

Мисалы, Д.М. Лосев ар бир вербалдык тергөө аракеттери тыгыз түрдө тергөөчү менен сурактaлуучунун ортосундагы психологиялык мамилелер менен байланышкандыгы тууралуу пикирди колдошот. Ар бир дуушар болгон адамды байкоодо көрүнбөгөн психологиялык механизм жашырылып турат. Тергөө аракеттерин далилдеридн чогултуу жана текшерүү каражаты катары анын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн тергөөчү бул механизмди башкаруусу зарыл [6, 45-51-бб.].

Бүгүнкү күндө криминалистика жана соттук психологияда психологиялык контактынын түшүнүгүнүн өзүн тартыш маселе бойдон калууда.

Башка окумуштуулар менен талашпастан И.А. Макаренконун мындай көз карашын туура деп эсептейбиз: «психологиялык контактыны тактикалык прием деп эсептөө мүмкүн эмес, анткени аны тергөөчүнүн конкреттүү аракеттерине жана аракетсиздигине киргизүү болбойт жана ал тактикалык приемдордун комплексин аныктоодо гана мүмүн боло алат. Себеби психологиялык контакт белгилүү тергөө амалдарын гана эмес, ошондой эле тергөө процессинин жүрүүсүндө узартылган жана каалаган формада болуусу милдеттүү, анткени аны кандайдыр бир стадия менен чектөө талаш болуп эсептелет» [4, 292-293-бб.].

Бир болгон аныктамалардын негизинде бизге психологиялык контакт эмоционалдык ишенимды аныктоо, адамдардын бири бири менен баарлашууга болгон каалоосу жана бири-бирин түшүнүү абалын түшүндүргөн варианты туура болуп саналат.

Адамдарга, анын ичинде жашы жетелектерге, психологиялык таасирдөөгө тиешелүү болгон суроолор бир катар кыйынчылыктарды жаратып, бүгүнкү мезгилге чейин бирдиктүү ыкмаларга ээ эмес.

Жалпысынан соттук психологияда таасирдөө ка-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



тары «түрдүү методдор жана каражаттар аркылуу таасирдөө субъектисинен маалымат алуу процесси, бул маалыматты «кайтарым байланыш» аркылуу таасирдөөчүнүн кабыл алуусу үчүн мүмкүн болгон адамдын жүрүм турумдарында, ишмердүүлүгүндө, мамилелеринде жана абалында байкалган тийиштүү реакцияны чакырууга жөндөмдүү болгон адамдын психикасындагы маалыматты чагылдыруу түшүндүрүлөт» [5, 122-126-бб.]. Психикалык таасирдөөнүн укук ченемдүүлүгү булар менен аныкталат: 1) позициясын тандоо эркиндиги; 2) эркинин эркиндигине болгон чектөөнүн жоктугу; 3) өзүнүн оюн билдирүү, өзүнүн тандоосу үчүн шарттардын бар болуусу, мыйзамга жана адептик коомдун принциптерине каршы болбоосу [7, 28-б.].

Тергөө амалдарынын коюлган максаттарынан жана жалпы маңызынан, жана ошондой эле жашы жете электин криминалистикалык мүнөздөмөсүн эске алуу менен каралып жаткан адамдын аракеттерин алардын өндүрүш процессинде божомолдоо боюнча маселелерди мындай түрдө аныктоо максатка ылайыктуу:

- жашы жете элек адамдын жалпысынан сүйлөшүүгө жана ага болгон таасирдөөнү кабыл алууга болгон мамилесин аныктоо;
- өспүрүмдүн инсандыгынын мазмунундагы боло турган мүмкүн болгон өзгөрүүлөрдү, жана ошондой эле бул өзгөрүүлөргө таасирин тийгизүүгө түрткү жараткан жагдайларды аныктоо;
- жашы жетелек менен тергөөчүнүн ортосундагы сүйлөшүүнүн мүнөзүнүн өзүнө мүмкүн болгон өзгөрүүлөрдү алып келген таасир көрсөткөн факторлорду аныктоо жана өспүрүмдүн таасирдөөнү кабыл алуусун белгилөө;
- тергөө амалдарынын өндүрүшүндө жашы жете элек адамга натыйжалуу таасирдөөнү аткаруунун тактикалык приемдорун жана психологиялык жолдорун жана каражаттарын аныктоо.

Көрсөтүлгөн маселелер жашы жете элек адамдын инсандыгынын мазмунундагы жалпы жана өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө багыттайт, тактап айтканда алдын ала тергөөдөгү анын укуктук статусу менен шартталган объективдик шарттар. Жасай турган башкы тыянак жашы жете элек адамдын инсандыгынын мазмунундагы аныкталган тенденцияларга жана мыйзам ченемдүүлүктөргө байланыштуу тергөөчү менен адамдардын каралып жаткан категориясынын ортосундагы сүйлөшүүнү уюштуруунун оптималдуу жолун аныктоодо, жана ошондой эле аларга таасирдөөнүн натыйжалуу каражаттарын тандоодо [8, 150-153-бб.].

Түрдүү булактардын талдоосу көрсөткөндөй, авторлордун бир катары менен психологиялык таасирдөөнүн көптөгөн методдору жана каражаттары белгиленет [1; 3; 5; 7; 8].

О.Я. Баевдин көз карашы боюнча инсанга таасирдөөнүн негизги эки методун белгилөө зарыл – ынандыруу (негизгиси) жана мажбурлоо (факультативдик). О.Я. Баев көрсөткөндөй «мажбурлоо методунун маңызы таасирдөөнүн астында турган максатка суралып жаткан адамдын эркин жана аң сезими менен кабыл алган жолдон сырткары жетүүсүндө» [9, 121-122-бб.].

Ошону менен биргеликте, А.Б. Соловьев мажбурлоонун колдонуусуна каршы чыгып, мындай деп жазат: «мажбурлоо көрсөтмө алууда психологиялык таасирдөөнүн укук ченемдик эмес формасы болуп эсептелет. «Мажбурлоо – бул адамдын маселени чечүүдөгү өз алдынчалык мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруу, кызыктар болгон адам тарабынан болгон басымдын астында анын каалоосуна каршы аракеттерди жасатуу» [10, 70-71-бб.].

Бул көз караш, биздин оюбуз боюнча, жашы жете электерге да тиешелүү, анткени өспүрүмдөр үчүн фантазиялоо жөндөмдүүлүгү, таасирдөөгө жеңил дуушар болуу таандык, андыктан адамдардын бул категориясы үчүн ынандыруу методу жалгыз колдонууга мүмкүн болгон психологиялык таасирдөөнүн методу болуп саналат.

Кээ бир авторлор ынандыруу методун психологиялык таасирдөөнүн негизги формасы деп таанышат [3; 5; 10]. Ал эми А.В. Дулов болсо ынандыруу методун колдонуу психологиялык гана эмес, ошондой эле тарбиялык таасирдөө көрсөтүп, жашы жетелек адамдар үчүн маанилүү жана актуалдуулугун белгилейт [11, 136-б.].

М.И. Еникеев жана Э.А. Черныхдын ой пикирлери боюнча ынандыруу «буга чейинки позициялардын туура эместигин ачыктаган маалыматты алуунун негизинде каршылык көрсөткөн адамдын позициясын атайын өзгөртүү менен байланышкан» [12, 37-б.]. Алар ынандыруунун мүнөздүү белгиси катары адамда

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



сурак жүргүзүүдө тандоо эркиндигинин бар болуусун белгилейт.

Ошону менен биргеликте, тактикалык көз караштын негизинде мүмкүн эмес жана мыйзамдуу таасирдөөнүн ортосундагы чек жокко чыгарылган. А.Р. Ратинов ошол себептен мындай деп түшүндүргөн: «укук ченемдүү таасирдөө психикалык зомбулуктан таасирдөөгө дуушар болгон адамдын тигил же бул позицияны тандоо эркиндигинин бар болуусу менен айырмаланат» [13], башкача айтканда анын көз карашына ылайык, укук ченемдүү таасирдөөдө жалган же чын көрсөтмө берүүнүн ортосунда же болбосо көрсөтмө берүүдөн баш тартуунун ортосунда тандоо эркиндиги басымдуулук кылат. Бирок ошол эле учурда мындай тандоо психикалык зомбулукта да орун алат. Алардын айырмалаган өзгөчөлүктөрү болуп суракталуучу адамдын тигил же бул түрүн тандоодо тергөөчүнүн эркине активдүү ички каршылык көрсөтүүсү зарыл болгондугу эсептелет. Албетте, адамдардын каралып жаткан категориясынын катышуусу менен болон тергөө аракеттеринин өндүрүшүндө бул көйгөй өзгөчө актуалдуу болуп саналат, анткени жашы жете элек ар бир психикалык зомбулукка жооп берип, андан соң башка адамдарга жалаа жабуу башталат.

Жашы жете элек адамдын көрсөтмөлөрү, баарына белгилүү болгондой, далилдердин булактарынын бири гана болуп эсептелет, ошону менен биргеликте анын тергөөгө «каршылык көрсөтүүсү» мыйзамдуу гана болуп эсептелбестен, ошондой эле психологиялык көз караш мнен табигый болуп саналат. Ошондуктан, жашы жете электин «мейкиндик зонасына» кирүү, башкача айтканда анын «жеке территориясынын» чектерин бузууну, өспүрүмдүн үстүнөн психикалык зомбулук көрсөтүүнүн приемдорунун бири катары кароо зарыл [5].

Биз И.А. Макаренконун психикалык зомбулук катары жашы жете элек айыпталуучунун психикасына мыйзамга каршы жана адепсиз болгон бардык таасирдөөнү эсептеп, анын натыйжасында катуу эмоционалдык психикалык зыян алып келген жана өспүрүмдүн каалаган тандоосуна тоскоолдук жараткан көз карашын колдойбуз [4].

Биздин көз карашыбыз боюнча, жашы жете электи сурактоо өндүрүшүндө психикалык зомбулукту колдонуу бир катар төмөнкү негативдик кесепеттерге алып келүүсү тууралуу көз караштı туура деп эсептейбиз: иш боюнча объективдик чындыкты бузуу, ага жетүүнү мүмкүн эмес кылуу; тергөө аракеттеринин катышуучуларынын негизделбеген адептик жана физикалык кыйноолор; мыйзам боюнча жазык процесстик далилдоо субъектилеринин ролун аткарууга милдеттүү болбогон адамдардын милдеттерин жүктөө.

Жашы жете электин инсандыгынын эмоционалдык чөйрөсүнө логикалык таасирдөөнү көрсөтүү менен тергөөчү тергөөнү кызыктырган жагдайлар боюнча чындык көрсөтмөлөрдү берүүгө ынандырууга умтулат, ошону менен биргеликте, тергөө амалында тандоо эркиндигин чектебейт. «Тергөөчүнүн маселеси сурак жүргүзүүдө суракталуучуга укук ченемдүү жана адептик жактан мүмкүн болгон каражаттар менен андагы өз ыктыяры менен аң-сезимдүү чындыкты айтуу каалоосун чакырууда» болгон ой пикириди колдойбуз [11].

Юридикалык коомчулукта бир катар талаш маселелерди жараткан маанилүү момент болуп психикалык зомбулук менен укук ченемдүү психологиялык таасирдөөнүн ортосундагы чекти аныктоо суроосу эсептелет [1; 3; 5; 7; 8].

КР ЖПКнын 82-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык сурак өндүрүшүндө ага катышкан адамдарды кыйноо, зомбулук, коркутуу, алдоо колдонуу жана башка мыйзамсыз аракеттерге жана катаал мамиле кылууга тыюу салынат, башкача айтканда бул норма көрсөтүлгөн суроону чечүү үчүн процессуалдык негиз болуп саналат.

Андан сырткары, колдонулуп жаткан чаралар суракталып жаткан жашы жете элек адамдын кадыр баркын, намысын кемсинтпеши керек.

Жашы жете электин психикасы психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу туруктуу эмес, жана алар ачуусу чукул, эмоционалдык жактан тигил же бул жагдайларга тез жооп берип, оор жагдайларды түзүү негиздүү жана ошондой эле белгилүү чектерге ээ болуусу милдеттүү.

**Адабияттар:**

1. Исаева К.А., Каженова А.С. Актуальные проблемы защиты прав и интересов несовершеннолетнего в контексте реформирование УПК в отдельных странах СНГ // «Полицейская деятельность» журналы. 2019. №1. - 43-53-бб. [Эл. ресурс]. - Кирүү режими: https://www.nbpublish.com/library_read_article.php?id=26884

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557




2. Дулов А.В. Основы психологического анализа на предварительном следствии - М.: Юрид. лит., 1973. - 168-б.
3. Психология преступника и расследования преступлений / Антонян Ю.М., Еникеев М.И., Эминов В.Е. - М.: Юристъ, 1996. - 336 с.
4. Макаренко И.А. Криминалистическое учение о личности несовершеннолетнего обвиняемого: дис. ... д-ра юр. наук: 12.00.09 - Саратов, 2007. - 404 б.
5. Абдукаримова Н.Э., Ниязбаев С.Н. Тактические особенности проведения допроса при расследовании наркопреступлений, совершаемых организованными преступными группами. // «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» журналы. - 2017. - №2. - С. 122-126. [Эл. ресурс]. - Кирүү режими: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_29222809_80641763.pdf
6. Лосев Д.М. Психологический контакт в тактике допроса несовершеннолетних обвиняемых и подозреваемых // Вестник Московского университета. - М.: Изд-во Моск. ун-та, 1982. - №4. - 45-51-бб.
7. Исаева К.А. Тактические особенности допроса женщин-подозреваемых и обвиняемых: дисс. канд. юрид. наук: 12.00.09. - Москва, 1995. - 28-б.
8. Исаева К.А., Каженова А.С. К вопросу о механизме защиты конституционных прав несовершеннолетнего // «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» журналы. - 2017. - №1. - 150-153-бб. [Эл. ресурс]. - Кирүү режими: // https://www.elibrary.ru/download/elibrary_28865677_74607522.pdf
9. Баев О.Я. Тактика следственных действий. / Окуу куралы. - Воронеж: НПО «Модэк», 1995. - 224 б.
10. Соловьев А.Б. О психологических приемах допроса // Проблемы предварительного следствия в уголовном судопроизводстве. - М., 1980. - 69-73-бб.
11. Дулов А.В. Судебная психология. / Окуу куралы. - Минск: Высшая школа, 1970. - 392-б.
12. Еникеев М.И., Черных Э.А. Психология допроса. - М.: ВЮЗИ, 1990. - 143-б.
13. Ратинов А.Р. Судебная психология для следователей. - М.: Юрлитинформ, 2008. - 352-б.